## Областтык администрациянын дин иштери боюнча жооптуу кызматкери Шамшыбек Закировдун сөзү

Урматтуу Куттуу Жумалыктын катышуучулары! Мындан бир жыл мурда ушул көркөм залда биринчи жолу пайгамбарыбыз Аз.Мухаммеддин туулган күнүнө арналган Куттуу Жумалыкты белгилөөнү баштаган элек. Андан бери бир жыл өтүп, быйыл кайра белгилеп жатабыз. Быйылкы Куттуу Жумалык бир топ өзгөчөлүктөргө ээ. Өткөн жылдагыга салыштырмалуу аудиториябыз бир топ кеңейип коомчулуктун түрдүү өкүлдөрү, жер-жерлерден келген меймандар, диний кызматкерлер, областыбыздын белгилүү уламалары катышууда. Ошондуктан Ош мамлекеттик университетинин теология факультети уюштуруп жаткан бүгүнкү Куттуу Жумалык майрам белгилүү бир саясий окуя да болуп эсептелет. Албетте, Ислам дини, анын пайгамбары Аз.Мухаммед чоң-чоң окумуштууларды, философторду, мамлекеттик ишмерлерди дайыма кызыктырып келгендиги, тарых барактарында белгилүү жакшы билесиздер. Ошондуктан анын өрнөк өмүрүнүн, окуусун, ой-пикирин биз да анализдешибиз, үйрөнүшүбүз керек. Конференциядагы докладдар көп жылдар бою өкүм сүргөн атеисттик доордо да Ислам дини калк арасында өз таасирин жоготпой сактап келгендиги жөнүндө айтылып өттү. Демек ислам дини коомубуздун рухий жактан тазарышы боюнча белгилүү багыт, чоң жол болуп эсептелери айкын болсо да, тилекке каршы, акыркы мезгилде Орто Азия республикаларында кээ бир саясий күчтөр өз куралдарына айландырууга, саясий максаттарына жетишүү үчүн пайдаланууга аракеттенген учурлар да жок эмес. Ошондуктан жогоруда белгиленгендей элибизге өз динин туура үйрөтүү чоң мааниге ээ.

Учурда республикабыздагы өкүм сүрүп жаткан бейпилдик, президентибиз Аскар Акаевдин, өкүмөтүбүздүн жүргүзүп жаткан туура саясатынын натыйжасы деп эсептейм. Урматтуу Куттуу Жумалыктын меймандары, бардыгыңыздарды бүгүнкү майрам менен куттуктайм. Жалпы элибизге ынтымандуулукту жана тынчтыкты каалайм.